DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



## *ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ*
## *ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ*
## *PEDAGOGICAL SCIENCES*

*Ажибаева А.Ж., Жайылгын кызы М.*

# МЕКЕН ТААНУУ САБАГЫН ОКУТУУДА БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНА ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТЫ КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Ажибаева А.Ж., Жайылгын кызы М.*

# ФОРМИРОВАНИЕ ЭКОЛОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ У УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ В ПРЕПОДАВАНИИ РОДИНОВЕДЕНИЯ

*A.Zh. Azhibaeva, Zhaiylgyn kyzy M.*

# THE FORMATION OF ENVIRONMENTAL CULTURE IN PRIMARY SCHOOL STUDENTS IN THE TEACHING OF HOMELAND STUDIES

*УДК: 373.167.1*

*Бул макалада негизинен башталгыч класстын окуучуларына Мекен таануу сабагын окутуу процессинде окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу каралган. Ошондой эле окуучуларды окутуп тарбиялоо процессинде Мекен таануу сабагын өтүүдө мектеп окуучуларына адам маданиятынын бир багыты экологиялык маданият экендигин үйрөтүү менен бирге, окуучулардын экологиялык билимин, тарбиясын өстүрүп, жандуу жаратылыш менен жансыз жаратылышты айрымалап билүүгө, айлана-чөйрөгө өз менчигиндей айар мамиле жазоого жана эмгекке тарбиялоого багытталат.Окуучунун өзүн сыйлоосу, өзүн таза жана туура алып жүрүүсү, айлана-чөйрөгө, үй-бүлөсүнө, мектепке кылган ар бир жазаган жакшы иштери маданияттуу инсан экенин далилдеп көрсөтөөрүн Мекен таануу сабагында тарбияласак болот. Бул сабакта окуучуну экологиялык маданиятка тарбиялоонун негизги милдеттери болуп саналат: а) экологиялык билимдерди өздөштүрүү, экологиялык ой жүгүртүүнү калыптандыруу; б) таанып билүү жөндөмүн жана ыкмаларын калыптандыруу;в) жандуу обьекттерди багуу жөндөмүнө ээ болуу; г) курчаган табиятка гумандуу мамиле тажрыйбасын топтоо жана аны сүйүүгө үйрөтүү.*

***Негизги сөздөр:*** *экологиялык маданият, гумандуулук, айлана-чөйрө, экология, объект, жаратылыш, тарбия.*

*В данной статье основное внимание уделяется формированию экологической культуры учащихся в процессе преподавания предмета «Родиноведение» ученикам начальных классов. Процесс обучения студентов Родиноведению нацелен на то, чтобы научить студентов одной из областей человеческой культуры, чем является экологическая культура. А также, программа включает в себя развитие экологических знаний студентов, чтобы они могли различать живую и неживую природу, относились к окружающей среде как к своей частной собственности и обучились труду. В процессе преподавания предмета "Родиноведение" мы сможем воспитать в студентах любовь к природе, окружающей среде, семье и школе. Следовательно, сможем сформировать в них сбалансированную самооценку и научим культуре чистоты и правильного поведения. Основными целями курса по экологической культуре являются: а) приобретение экологических знаний, формирование экологического мышления; б) формирование познавательных способностей и методов; в) быть способными заботиться о живых объектах; г) получить опыт гуманного обращения с окружающей средой и научить ее любить.*

***Ключевые слова***: *экологическая культура, человечество, окружающая среда, экология, объект, природа, образование.*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*This article focuses on the formation of ecological culture of students in the process of teaching "Homeland Studies" to primary school students. The process of teaching students Homeland Studies is aiming to teach students to one of the areas of human culture what is environmental culture. Besides, the program includes the development of students' environmental knowledge so that they can distinguish between living and nonliving nature, treat the environment as if it is their own property and learn how to work. In the process of teaching "Homeland Studies" we will be able to instill in students a love of nature, the environment, family and school. Consequently, we will be able to form a balanced self-esteem in them and teach them to the culture of hygiene and proper behavior. The main objectives of the course on environmental culture are:a) Acquisition of environmental knowledge, the formation of environmental thinking. b) The formation of cognitive abilities and methods. c) To establish the ability to take care of living objects. d) Giving experience on humane handling of the environment and teaching to love her.*

***Key words:*** *ecological culture, humanity, environment, ecology, object, nature, education.*

Коом менен жаратылыштын ортосунда акыл-эстүү мамиле түзүү, табигый жана географиялык чөйрөнү билгичтик менен өнүктүрүү жана аны коргоо маселелери күч алды. Бизди курчап турган чөйрөнүн булганышы экологиялык сабатсыздыктан жана экологиялык маданияттын жоктугунан болуп жаткандыгы аныкталды.

Белгилүү эколог-окумуштуу Э.Ж. Шүкүров белгилегендей, адамдын жаратылышка болгон тескери карама-каршылыгын катастрофа менен бүтүрбөш үчүн тирүү жаратылышты эң жогорку жана талашсыз баалуулук катары адам маданиятына киргизүүбүз зарыл [1, 46-б.].

Жаратылыш байлыктарын, экологиялык мейкиндикти коргоо жана аларды өркүндөтүү идеяларын жаш муундарга үйрөтүү, ошону менен окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоо маселелери бүгүнкү күндүн кечиктирилгис милдети болуп калды. Айлана-чөйрөнү, жаратылыш байлыктарын өз менчигиндей, аңсезимдүү коргоо, өсүмдүктөр менен жаныбарларга адамча мамиле жасоо, аба менен сууну булгабоо көйгөйлөрүнө өзгөчө көңүл буруу, жалпысынан аларга жоопкерчилик менен мамиле кылууга чакыруу керек. Ушуга ылайык, Чыңгыз Айтматовдун сөзүн мисалга алсак: «Эгер сен өзүнө жамаатташ турган токойду, суу алган бото көз булакты, берешен жерди сүйсөң, тек гана суктанып эмес, ишкер дем, эң башкысы, эртеңки күн жөнүндө ойлонуп жаратмандык менен сүйсөң, анда сенин чыныгы кожоюн боло алганың, анда сенин патриот боло алганын…» [1, 205-208-бб.]

Үй-бүлөдө, мектептерде, орто жана жогорку окуу жайларында атайын экологиялык сабак өтүп айлана-чөйрөгө жоопкерчилик менен мамиле кылууга жаш муундарды тарбиялоо. Жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу пайдалануу, жаратылышка гумандуу кароо, жаратылышка аяр мамиле жасоо, жандуу жана жансыз жаратылыштын айрымасын окуучуларды айрымалатууга үйрөтүү.

Билим берүүдө экологиялык тарбиянын мааниси зор. Мындай шартта,экологиялык билимди жогорку деңгээлге жеткирүү жана өркүндөтүү өзгөчө мааниге ээ. Бул маселени чечүү үчүн, адегенде, жаштар менен мектеп окуучуларын экологиялык билимге суугарып шарт түзүп берүү керек.Алар көрөгөч, билгич, бардык ыкмаларды колдоно ала турган жана жаңы калыптана турган, шартты аныктай билген адистикке жетиши зарыл.

Адам баласы менен жаратылыштын өз ара байланышы жана анын азыркы кездеги өтө курч проблемасы педагогика илиминин алдында жаңы милдеттердин комплексин коет. Адам менен коомдун айлана чөйрөгө болгон байланыштары глобалдуу, дүйнө жүзү континент, айрым өлкө регион түрүндө ар кандай деңгээлде берилет.

Экологиялык билимди башталгыч класстын окуучуларына «мекен таануу» предмети менен ишке ашат. Адам маданиятынын бир багыты экологиялык маданият боло тургандыгын башталгыч класстын окуучуларына жеткиришибиз зарыл.

Бала экологиялык алгачкы билимди үй-бүлөдөн, бала бакчадан, мектептен алат. Мектептен үйрөнө турган мындай илимге мекен таануу, экология, биология, география кирет. Базалык туруктуу билим болмоюнча экологиялык билимди чыңдоо жана калыптандырууга жасалган иш аракеттер эч натыйжа бербейт. Ошондуктан, экологиялык тарбияны бала бакчадан жана үй-бүлөөдөн баштоо зарыл. Окуучулардын экологиялык билим деңгээлин аныктоо зор мааниге ээ.

Орус педагогу К.Д. Ушинский балдарды жаратылыштын ичинде болууга үндөгөн, ошол эле учурда жаратылыштын тарбиялык маанисин даңазалап, анын педагогикада көңүл бөлүнбөй жаткандыгын өкүнүү менен айткан. Жаратылыш жөнүндөгү илимий Жоболор, аларды далилдеп көрсөтүү жолдору адам менен жаратылыштын ортосундагы аң-сезимдүү байланыштын зарылдыгын түшүндүрүү ыкмалары, жаратылыштан адептүү жана эстетикалуу тарбия алуу маселелери, билим берүү системасында кийинки муундардын жаратылышты таанып билишин, өзгөчөлүктөрүн кабыл алышы сыяктуу маалыматтар классикалык педагогиканын өкүлдөрү Ф.А. Дистервег, Ж.Ж.Руссо,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



И.Т. Песталоцци тарабынан иштелип чыккан. Алар тарбия берүү жаратылышка жана маданиятка байланыштуу болуу керек деп эсептешкен [2].

Адам баласынын жер планетасында жашап жана сакталып калуусу, алардын күнүмдүк тиричилиги акыры келип жаратылыш менен тыгыз байланышта жүрөт. Жаратылыш ресурстарынын арбын болушу адам коомунун андан ары жашап калуусуна негиз болот. Бирок бүгүнкү күндө адамдардын жаратылышка кийлигишүүсүнөн табияттын жапа чегүүсү күч алууда. Ошондуктан, адамдар курчап турган айлана-чөйрө менен байланыш түзгөндө анын белгилүү чегин билиш керек.

«Кыргыз Республикасынын үзгүлтүксүз экологиялык билим берүү» жөнүндөгү концепциясында экологиялык билим берүү элдин кеңири массасына жеткирилиши керектиги, мектепте экологиялык билим, тарбия берүү үчүн бирдиктүү жана комплекстүү программанын түзүлүүсү зарыл экендиги белгиленди. Анткени жаштардын экологиялык маданияты мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүн, экологиялык сапаттуусун гана аныктабастан, өсүп келе жаткан муундарды социалдаштырууда күчтүү каражат болуп саналат [3].

Окуу процессин бардык учурунда экологияга таандык болгон эң маанилүү тапшырмалар берилип, негизги суроолордун болушу өтө зарыл. Педагогика илиминде экологиялык билим, тарбия берүүнүн мазмуну, формалары жана методдору үзгүлтүксүз изилденүүдө. Мектеп окуучуларына экологиялык билим, тарбия берүүдө мекен таануу сабагынын ролу чоң. Мекен таануу сабагы жаратылыш менен жөн гана тааныштырбастан, инсандын экологиялык аң-сезимин жаратылыш дүйнөсүн өзүнө карата эмоциялык мамилесин адамдын жаратылыш менен болгон биримдигин, анын бүтүндүгү үчүн өзүнүн жоопкерчиликтүү экендигин туюуу жана сезүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Мекен таануу сабагын өтүүдө окуучуларга экологиялык тарбия берүү үчүн төмөнкү таблицаны колдонсок болот *(1-табл.)* [4].

*1-таблица*

| **Максат жана милдеттери** | **Мазмуну** | **Формалар, ыкмалар** |
|---|---|---|
| Экологиялык маданияттын негиздерин калыптандыруу жана түзүү | Табият менен таанышууга жаңыча көз караш | Экскурсиялар, байкоолор, оюндар |
| Мектеп жашындагы балдардын экологиялык аң-сезимин, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү | Жаратылышка болгон жаңыча түшүнүк | Табиятка көз салуу боюнча балдардын иш-аракети |
| Жеткиликтүү билим берүү.<br>Жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо.<br>Жаратылышты коргоо зарылчылыгын түшүнүү | Бүткүл жандуунун жашоо чөйрөсү менен зарыл байланышын түшүнүү | Бүткүл жандуунун жашоо чөйрөсүн байытуу |
| Жаратьшыш байлыктарын арттырууга эмоционалдуу таасирдүү катышуу | Өзүн табияттын ажырагыс бөлүгү катары түшүнүү | Жаратылыш байлыктарын арттыруу үчүн шарт түзүүдө бала менен чоңдордун өз ара аракети |
| Балдарда экологиялык ой жүгүртүү жана ага ылайык жүрүш-турушту калыптандыруу | Табиятка сарамжал мамилеге жана аны арттыруута эмоционалдуу таасирдүү катышуу | Экологиялык маданиятты калыптандыруу |

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Учурда Мекен таануу сабагын окутуу процессинде экологиялык маданиятты калыптандыруу маселеси актуалдуу жана кошумча изилдөөлөргө муктаж. Экологиялык тарбия – бул экологиялык маданияттын бөлүмү, адамдардын аң-сезимине, көз карашына жана түшүнүктөрүнө таасир этүү аркылуу айлана чөйрөгө карата аң-сезимдүү жана адептик мамиле деңгээлин үзгүлтүксүз, системалуу жана максаттуу багытта жогорулатуу процесси.

Мекен таануу сабагын өткөн мугалимдин сейилдөө, максаттуу экскурсияга чыгуу учурундагы негизги милдети болуп балдардын көңүлүн дайыма табияттын кооздугуна буруп, өсүмдүктөрдүн абалына жана жаныбарлардын жүрүм-турумуна байкоо жүргүзүүгө, балдарды табигый чөйрөдө маданияттуу жүрүм-турумдарга үйрөтүүсү зарыл.

Экологиялык билим берүү – жарандарды, адам коом – жаратылыш системасында өз ара аракеттешүүнү экологиялык маданияттын калыптандыруу максатында окутуунун жана тарбия берүүнүн максаттуу багыттагы үзгүлтүксүз жана комплекстүү процесси. Мекен таануу сабагын окутуу процессинде, экологиялык маданияттуулукту окутуу менен бирге экологиялык этиканы – бул ички талашсыз адептик принциптерге негизделген адамга, анын чарбачылык иш-аракеттерине жана жаратылышка карата тийиштүү окууну да үйрөтүү зарыл.

Балдарды жаратылыш аркылуу тарбиялоодо экологиялык түшүнүктөр калыптана баштайт. Балдардын жаратылыш менен өз ара аралашууда жаратылыш жөнүндө туура түшүнүккө ээ болуп, жандуу жана жансыз жаратылыштын өз ара байланышты байкашпайт. Ошондуктан, балдарды жаратылышты көрө билүүгө мугалимдин же башка чоң кишилердин (ата-эне, байке, эже, ж.б. ) жетектөөсүнүн зарылдыгы чоң. Башталгыч класста Мекен таануу сабагын кызыктуу берүү жаратылыштын ар бир мезгилин өз боёгу менен көрө билүүгө, жандуу, жансыз жаратылыштын ортосундагы экологиялык байланышты акырындык менен ачып көрсөтүүгө, окуучулардын жаратылыш аркылуу кайрымдуулукка, боорукердикке, ыймандуулукка өз чөйрөсүндөгү көркөмдүктү сезе билүүгө жана эмгекке тарбиялоого үйрөтөт. Өзүбүз жашаган өлкөнүн, үйүбүздүн, эс алуучу жайлардын, мектептин, класстын ж.б жерлердин таза болуусуна көрүлгөн камкордук биринчи иретте адамдын өзүнө көрүлгөн камкордук экендигин ар бир окуучунун акыл сезимине түшүндүрүү менен бирге ага иш жүзүндө окуучунун өзүн аралаштыруу керек. Ал үчүн Мекен таануу сабагын окуган башталгыч класстын окуучусу төмөнкүлөрдү түшүнүп, аткара билүүсү керек.

1. Өлкөбүздүн жаратылышын, сейрек кездешүүчү жана жоголуп кетүү алдында турган жаныбарлар, өсүмдүктөр тууралуу кененирээк маалымат билүү, бир гана адамдарга гана эмес баардык жандуу жана жансыз жаратылышка гумандуу, айар көз караш менен кароого, айлана-чөйрөнүн тазалыгына кайдыгер карабоого, мекенди сүйүүгө тарбиялоо керек.

2. Биз окуган класстын же жашаган үйдүн абасы таза болушу үчүн анын бөлмөлөрүндөгү бардык буюмдарды тазалап жубуп туруу, тамак аштын калдыктарын класска же үйдүн бөлмөсүнө таштабоо, класстын же үйдүн бөлмөлөрүн желдетип туруу, кооз гүлдөрдү өстүрүү жана аларга аяр мамиле жасоо. Бир гана классты же үйдү таза кармабастан, сырткы айлана-чөйрөгө да чоң көңүл буруруга окуучуларды тарбиялоо керек.

3. Сырттагы айлана-чөйрөдөгү абанын таза болуусуна камкордук, тамак-аштын калдыктарын ар кайсы жерге таштабай, таштандыны таштанды салган урнага таштоого, сууну сарамжалдуу пайдалануу жана сууга таштанды таштабоого, ар бир адамдын эмгегин баалоого жана ошол инсанды сыйлоого тарбиялоо менен бирге окуучулардын экологиялык маданияттуулугун артырабыз.

Мектеп куракгагы балдардын Мекен таануу сабагында экологиялык ой жүгүртүүнү өстүрүп өркүндөтүү үчүн ар кандай педагогикалык ыкмалар талап кылынат, алардын ичинен берилген схема өзгөчө мааниге ээ *(1-сүрөт)* [5].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557






**1-сүрөт**. Экологиялык маданияттын негиздери.

Окуу-тарбия процессин экологияга комплекстүү интегралдуу мамиле жасоого негизделген түшүнүк-төр менен камсыз кылуу окуучулардын экологиялык ой жүгүртүүсүн өркүндөтүү, жаратылышты коргоону толук сезүү принциптеринин биримдиги жана башка педагогикалык процессти активдештирүүгө жөндөм-дүү келет. Мекен таануу сабагында экологиялык билимди, билгичтикти, ыкты өркүндөтүүнү жана калыптанууну оптималдаштыруу максатта педагогикалык проблемаларды чечүү менен бирге, экологиялык ой жүгүртүүнү өстүрүү, экологиялык билим алууга багытталган педагогикалык каражаттарды аныктоо жана экологияга багытталган иш аракеттерди педагогикалык жактан уюштуруу болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. Шүкүров Э.Ж. Маданият, жаратылыш, адат. - Б., 2011. - 24 с.
2. Рахимова М.Р., Панкова Т.В., Калдыбаева А.Т. Педагогика тарыхынын очерктери. - Б., 1997.
3. «Кыргыз Республикасынын үзгүлтүксүз экологиялык билим берүү» жөнүндөгү концепциясы. - Б., 2003.
4. Бектуров Т.М. Табият менен адам гармониясы [Текст] / Т.М. Бектуров // Вестник ИГУ им. К. Тыныстанова. – Каракол, 2010. – №26. – 205-208-6б.
5. Усенко Л.В., Сейдекулова К.С. Мектепке чейинки курактагы балдарды экологиялык тарбиялоо: Методикалык колдонмо. - Б., 2009. - 116 б.